УДК 338.45: 622.3. (575.2)
Т 93

“КЫРГЫЗСТАНДЫН ТОО-КЕН ТАРМАГЫНЫН ӨНҮГҮШҮ”.

***Тыныстанова Анара Ашыровна**, И. Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик техникалык университети Академик Ү.Асаналиев атындагы Тоо-кен иши жана тоо кен технологиялары институтунун «Мамлекеттик тил жана коомдук илимдер» кафедрасынын ага окутуучусу. Бишкек ш. Чүй пр. моб. 0500866555, 0555036161, жум.тел. 031261-09-58* **anara-61@mail.ru**

Бул макалада Кыргызстандагы тоо-кен тармагынын өсүп өнүгүшү, алардын кыскача тарыхы, бүгүнкү күндө тоо-кен тармагында жүргүзүп жаткан иштери тууралуу баяндалат.

Ачкычтык сөздөр: Кыргызстан, кен-байлык, алтын, тоо-кен, иш, комбинат.

РАЗВИТИЕ ГОРНОДОБЫВАЮЩЕЙ ОТРАСЛИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

Тыныстанова Анара Ашыровна, *старший преподаватель кафедры "Общественные науки" Института горного дела и горных технологий им.У.Асаналиева, Кыргызского государственного технического университета им. И.Раззакова. г.Бишкек, моб. 0500866555, 0555036161, жум.тел. 031261-09-58* ***anara-61@mail.ru***

Жусупжанова К.О., *Институт горного дела и горных технологий им.У.Асаналиева, Кырг. государственного технического университета им. И.Раззакова. г.Бишкек.*

В данной статье рассматривается краткая история горнодобывающей отрасли Кыргызстана, её развитие, освещается современные состояние проводимых работ в этой отрасли.

Ключевые слова: Кыргызстан, рудник, золото, горный, работа, комбинат.

DEVELOPMENT OF MINING INDUSTRY IN KYRGYZSTAN

Tynystanova Anara Ashyrovna*, senior lecturer of the department "Social Sciences" of the Institute of Mining and Mountain Technologies named after U. Asanaliev, Kyrgyz State Technical University. I.Razzakov. Bishkek, mob 0500866555, 0555036161, 031261-09-58 anara-61@mail.ru*

Jusupjanova K.O. *Institute of Mining and Mountain Technologies named after U. Asanaliev, Kyrgyz State Technical University. I.Razzakov. Bishkek.*

This article is devoted to a brief history of the mining industry of Kyrgyzstan, its development, highlights the current state of the ongoing work in this industry.

Keywords: Kyrgyzstan, mine, gold, mining, work, combine.

Кыргыз эли Орто-Азиядагы элдердин ичинен эң байыркысы болуп саналат. Ата-бабаларыбыз басып өткөн жолго бир аз токтоло кетсек, кыргыздар байыркы убактан бери эле металлдары иштетип келишкен. Темирден, жезден, колодон өздөрүнө керектүү буюмдарды жазап келишсе, кийинчерээк алтын, күмүштү иштетишип, алардан түрдүү, кооз буюмдарды жазашкан. Кол өнөрчүлүккө да өзгөчө көңүл бурушкан.

Енисейлик кыргыздардын мезгилинде да кол өнөрчүлүк жакшы өнүккөн. Алар темир эритүүнүн, иштетүүнүн өзгөчө ыкмаларын билишкен. Андан курал-жарактарды жана эмгек куралдарын жазашкан. Кыргыздардын аскердик өнөрлөрү башкаларга салыштырмалуу ошол мезгилде эле мыкты өнүккөндүгү бизге жеткен маалымтта көрсөтүлгөн. Эң мыкты куралдары болуп кыргыздардын татаал курамдагы жаалары, үч алакандуу жебелери, ыргытып сайуучу түрдүү найзалары, ар кандай түрдөгү канжарлары болгон. Енисейлик кыргыздар муну менен кошо кол өнөрчүлүктү да мыкты өздөштүрүшкөн. Алар темир эритүүнүн өзгөчө сырларын, ыкмаларын билишкен. Ошол учурга ылайык курал-жарактарды жана эмгек куралдарын жазашкан. [1]. Ал эми кийинчерээк кыргыздар буюмдарды, курал-жарактарды бара-бара башкача формада жазоого өтүшкөн. Муну менен биз эмне демекчибиз, ошол мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки аралыкта канчалаган кылымдар өтсө да кен-байлыктар бүгүнкү күнгө чейин кыргыздар үчүн дагы-дале болсо негизги орунда турат.. [2].

Бүгүнкү күндөтоолуу Кыргызстандын территориясында Менделеевдин мезгилдик системасындагыэлементердин баардыгы кездешет десек эч жаңылышпайбыз. Ошондой эле биз билип-билбеген биздин асман тиреген тоолорубуздун арасында канчалаган, кен-байлыктар жатат. Орто Азиядагы мамлекеттердин ичинен Кыргызстан кен-байлыктарга, сууларга, табийгат берген жаратылыштын кооздугуна бай өлкө. Буга биз эле эмес сырттан келген коноктор дагы суктанаарлык көз карашта мамиле кылышат.

Кыргызстандагы окуу-жайлардан даярдалып жаткан ар бир кесиптин ээлери өз кесибине ээ болгондон кийин, кесибине жараша өз өлкөсүндө иштеп, мамлекеттин экономикасын көтөрүүдө салымдарын кошуп келишет. Мына ошондой кесип ээлери геологдор, тоо-кен инженерлери табийгат менен бекем сырдаш болуу менен бирдикте биздин Кыргызстандын аймагындагы кичинекей таштардан тартып, баалуу кен-байлыктар: алтын, күмүш, жез, сымап, алюминий жана башкалардын кайсыл аймактардан канча тонналап казылып алынышынатерең изилдөө жүргүзө алышат.

Кыргызстан көз каранды эмес мамлекеттик статуска ээ болгондон бери баардык тармак боюнча өз алдынча өнүгүүгө жетишиш үчүн болгон аракеттерди жумшоо менен иш жүргүзүп жатышат. Кыргызстанда тоо –кен тармагы негизги орунда туруу менен бүгүнкү күндө уламдан улам жакшы ийгиликтерге жетишүү үчүн экономикабыздын өсүп-өнүгүшүнө зор салымын кошуп келүүдө. Ар бир аймакта биринин артынан бири ачылып жаткан кен-байлыктарга токтоло турган болсок, азыркы учурда алардын жүргүзүп жаткан ишмердүүлүгү, өндүрүмдүүлүгү ар түрдүү.

Кыргызстандын территориясында эң алгачкылардан болуп Кадамжайдагы сурьма комбинаты, Макмал алтын комбинаты, Ак-улак көмүр кени, Жыргалаң шахтасы ж.б. иштетилип келген. Кийинчерээк башка кен чыккан жерлер ачыла баштаган.

Тээ атам замандан бери иштетилип келе жаткан **Кадамжай сурьма** комбинаты 2016-жылдан бери Кытайлык Чжунтен тоо-кен өндүрүү компаниясы жана биздин Ата-Мекендик ОСОО Сары-таш компаниясы менен 2017-жылдан бери кызматташуу үчүн келишим түзүшкөн. Мына ушул убакыттан бери бул комбинатта эки ишкана эриш аркак иш алып барышууда.

Биринчи компания Чжунтен калдыктарды иштетсе, экинчи ОСОО Сары-таш компаниясы Ош областынын Алай районунан сырьену ташып келишип, сурьма өндүрүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүшүүдө. Бүгүнкү күндө эки компания комбинаттын эки бөлүгүн иштеттүүдө. Ошондой эле жүк ташуучу оор техникалар алынып келинип, химиялык лаборатория, кичи чакан завод куруу иши дээрлик аяктап калды. Адистердин айтымына караганда бул комбинаттагы калдыктардын ченеми дагы бир үч жылга жетет. Мына ошентип Кадамжай сурьма комбинатында кытай технологиясынын жардамы менен кайра иштетип, сурьма өндүрүү мүмкүнчүлүгү түзүлүп жатат.

Кыргызстандагы эң алгачкы алтын өндүргөн комбинаттын бири “Макмал” алтын кен комбинаты Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад областынын Тогуз-торо районунда жайгашкан. Борборубуз Бишкектен 630 чакырым алыстыкта, деңиз деңгээлинен 2350-2800 метр бийиктикте жайгашкан. Бул комбинат 1969-1977-жылдары чалгындап, изилденип 1986-жылы колдонууга берилген.

Макмал алтын комбинаты 1986-жылдан 1996-жылга чейинки аралыкта ачык түрүндө иштетилип келген. Ошол мезгилдеги техникалык долбоорго ылайык, кен казуунун жана иштетүүнүн өндүрүмдүүлүгүн алып караганда жылына 500,0 тоннаны түзгөн. Он жылдык мөөнөттөгү ишмердүүлүктө комбинаттын өндүргөн алтыны 21,7 тоннаны түзгөн.

“Макмал” алтын комбинаты “Кыргызалтын” ААКнын негизги өндүрүштүк бөлүмчөсүнүн филиалы болуп эсептелет. Ал эми салык чегерүүлөрү Тогуз-Торо районунун бюджетинин 95% ын түзөт. Бул комбинатта иштеген жумушчулардын саны 1200дөн ашык адамды түзөт.

Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 10-декабрындагы “Макмалалтын” комбинатынын иштешин карап чыгуу менен аны узартуу боюнча №722 Токтомун аткаруу максатында “Кыргызалтын” ААКнын жетекчилиги тарабынан “Макмал” кенинен кендин көрөңгүлөрүн 2500 метр терендикте жер алдынан казып алуунун жумушчу долбоорун түзүү тууралуу чечим кабыл алынып, ишке киргизилген.. 2015-жылга карата өндүрүлгөн продукциянын көлөмүн эсептеп көргөндө 17 тонна 400 килограммды түзгөн. [3]

Кыргызстандагы эң көп алтын өндүргөн комбинаттын бири “Кумтөр” алтын кени Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы Ак-Шыйрак айылынын түндүк-батыш

тарабында, Тянь-Шандын Кытай менен чектешкен тоо кыркасынын ички бөлүгүндө, деңиз деңгээлинен 3700-4500 метр бийиктикте жайгашкан.

Мына ушул “Кумтөр” алтын кени дүйнөдөгү ири кендердин жана өзгөчө алтын чыккан жерлердин бири болуп саналат жана бизге жеткен маалыматтар боюнча ал жерде 731 тонна алтындын көрөңгүсү бар. Бирок 1989-жылы советтик геологдор тарабынан ачылган Кумтөр алтын кени түбөлүк тоңголок муздун алдында болгондуктан жана бул шартта иштетүүнүн татаалдыгынан улам, коммерциялык жагынан ишке ашырып, иштетүүгө болбой турган кен деп эсептелген.Мына ушундай татаал шартка карабастан 1992-жылы Торонтодо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, “Кыргызалтын” мамлекеттик концернинин жана Канаданын “Cameco Corporation” корпорациясынын ортосундагы макулдашууга кол коюлуп калган, анда “Cameco Corporation” компаниясына кенди иштетүүнүн эксклюзивдүү укугу берилген. Мына ушул макулдашууларга ылайык, «Кумтор Голд Компани» ЖАКы компаниясы түзүлүп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан “Кыргызалтын” Мамлекеттик концерни жана “Cameco Corporation” корпорациясынын туунду компаниясы болгон «Cameco Mounting Company» анын уюштуруучулары болуп калышкан, мында кыргыз тарап үчтөн эки үлүшкө жана канаданын «Cameco Mounting Company» тарап үчтөн бир үлүшкө ээ болгон.[4].

Кумтөр комбинаты алтынды өндүрүүчү фабрика болуп 1996-жылдан баштап ишке киргизилген. Төрт айдын ичинде курулушу толугу менен аяктап, фабрика долбоордук толук кубаттуулукта иштегенге өткөн. Алгачкы алтындын уютмасын Кумтөрдөгүлөр 1996-жылы 31-декабрында алышкан. Ошондой эле 1997-жылы кенди коммерциялык пайдалануу башталган учурда да бир жылдын ичинде казылып алынган алтындын көлөмү 15,6 тоннаны түзгөн жана андан сырткары 1 тоннадай күмүш казылып алынган.1992-жылдагы макулдашууларга ылайык «Кумтөр Голд Компани» жабык акционердик коомуна “Кумтөр” кенин ишке киргизүүнүн алгачкы беш жылында салык алуудан бир кыйла жеңилдиктер берилген жана бул кийинки жылдары да күчүндө калтырылган.Алтындын баасынын төмөндөшү менен 1998- 2002 жылдары салык жана дивиденд түрүндөгү күтүлгөн акча каражаттары кыргыз тарапка түшпөй, өзүн актай алган эмес. Мына ушундай татаал абалдан улам инвесторлор менен жаңы сүйлөшүүлөрдү жана жаңы чечимдерди издөө зарылчылыгы келип чыккан.

2003-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Cameco Corporationдун ортосунда Кумтөр долбоорун реструктуризациялоо жөнүндөгү келишимге кол коюлуп, жыйынтыгында “Кумтөрдүн” активдери «Centerra Gold Inc.» компаниясынын акцияларына алмаштырылып, “Cameco Corporation” корпорациясынын жана акционерлердин башка активдери менен чогуу Торонто шаарындагы эл аралык Фондулук биржага чыгарылган. Centerra Gold Inc Торонтодогу (Канада) Фондулук биржасында (Toronto Stock Exchange-TSX) CG деген символдун астында катталган мунун өзү баалуу кагаздардын дүйнөлүк рыногунда анын акцияларынын өтүмдүүлүгүн жогорулатат. “Кыргызалтын” ачык акционердик коомуна 26,8% үлүштүк катыштыгы таандык.Ушул макулдашууга ылайык, кыргыз тарап өзүнүн акцияларынын бир бөлүгүн сатып, 80 млн. өлчөмүндө АКШ долларын алган,башкача айтканда, түшкөн акча каражаттарынын мурунку убактар үчүн салык түрүндө төлөнүп берилген. Мындан сырткары, компания үчүн жана тоо кен компаниялары үчүн жалпы кабыл алынган салык режими коюлган, ал эми “Кыргызалтын” ААК мамлекеттин атынан калган 15,6% «Центерра Голд Инк.» Компаниясынын акциясына ээ болуп калган.

2009 - жылдын аягында бул «Cameco Corporation» корпорациясы өзүнүн акцияларын «Центерра Голд Инк.» Компаниясына саткан. Бүгүнкү күндө “Кумтөр” кени ачык түрүндө иштетилет. Андагы алтын ылгоочу фабрика жылына 5-6 млн. тонна руданы кайра иштетүүгө мүмкүнчүлүк алган. Ал эми 1997-жылдан 2010-жылга чейинки аралыкта 13 жылдын ичинде “Кумтөр” кенинен «Кумтор Голд Компании» компаниясы тарабынан 242,6 тонна алтын жана 80 тонна күмүштү өндүрүшкөн. Ошондой эле “Кумтөр” кенинин жыл ичиндеги орточо өндүрүмдүүлүгү 19 тонна алтынды жана 6 тонна күмүштү түзөт. “Кумтөр”

кенинде бардыгы болуп 3700 гө жакын жумушчу эмгектенет жана анын ичинен 95% дан ашыгыраагы Кыргыз Республикасынын жарандары эмгектенишет.Келечектеги пландарга ылайык, Кумтөрдөгү алтындын көрөңгөсүн казып алуу болжол менен алганда 2021- жылдын аягына чейин барат.

Азыркы учурда кен чыккан жердин борбордук участкаларынын терең катмарынан кендин көрөңгөлөрүн чалгындоо жана жер алдынан казып алуу үчүн курулуш иштери жүргүзүлүп жатат. Муну менен бирге эле “Кумтөр” кенинин башка келечектүү деп эсептелген участкаларында да, ошондой эле “Кумтөр” кенинин келечеги кенен деп эсептелген геологиялык аянтчаларында да геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлүп жатат.[5].

“Кумтөр” ишканасынан сырткары Кыргызстандын аймагында дагы көптөгөн кен өндүрүүчү ишканалар ондоп саналат. Алардын жардамы менен Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшүн ар тараптан бекемдеп көтөрүшүбүз керек.

Азыркы учурдаКыргыз Республикасынын геология боюнча мамлекеттик агенттигинин эсебинде, каттоодо турган 60 дан ашык алтын кениндеги алтындын запасы 448 тоннага туура келет. Алардын ичинен бүгүнкү күндө 5 эле кен - «Кумтөр», «Макмал», «Солтон-Сары», «Терексай» жана «Тереккан» казып алуу иштерин жүргүзүүдө. Мындан башка дагы 6 алтын кени – «Жерүй», «Талды-Булак», «Андаш», «Бозымчак», «Иштамберди», «Куру-Тегерек» кендери да казып-иштетүү үчүн даярдалган. Ошондой эле бул 6 ишкана кен казуу долбоорлорун дээрлик даярдап коюшкан. Ал эми калган 49 га жакын алтын кенинде дагы деле болсо изилдөө жана геологиялык чалгындоо иштери улантылып жатат. Ошондой эле алтынды издөө, чалгындоо жана казып иштетүү боюнча ар кандай ишкерлерге да лицензия таратылып берилген. Бирок, тескерисинче бул лицензиялардын көбү алтынды казып иштетүү үчүн эмес, ошол алтын кендеринде такталган алтындын запастарын жеке менчик компаниялардын келечектеги активдери катары эл аралык фондулук биржаларда акция формасында алып-сатуу үчүн пайдаланып келе жатышат. Акциялар мыйзамдуу түрдө эл аралык фондулук биржаларга чыгып кеткендиктен, бул багыттагы талаш-тартыштар да эл аралык юрисдикциянын карамагына өтүп кеткен.

Башкача айтканда Эгемендүүлүк жылдары бир гана Кумтөр кени иштеп келсе, 2010-жылдан кийин бир топ долбоорлор боюнча иштер башталып, бир катар ишканалар иштей баштады. Өткөн жылы Талды-Булак сол жээк алтын кени ишке киришип, алтын чыгара баштады. Ала-Бука районунда Бозымчак кени алтын бере баштаган.

Эми жогорудагы аты аталган ишканалардын ичинен айрымдарына токтоло турган болсок алар төмөндөгүдөй.

Кыргызстандагы дагы бир кен өндүрүүчү ишкана**"Казахмыс Голд Кыргызстан"** жоопкерчилиги чектелген коому. Бул ишкана (ЖЧК) KAZ Minerals Bozymchak жоопкерчилиги чектелген коому болуп кайра катталган. KAZ Minerals Bozymchak ЖЧКсы мындан ары KAZ Minerals тобуна кирет.Эскерте кетсек, 2014-жылдын 31-октябрында "Казахмыс" тобу кайрадан түзүлүп, анын негизинде эки көз карандысыз- KAZ Minerals компаниясы жана "Казахмыс" жеке менчик корпорациясы болуп түзүлгөн.KAZ Minerals Казакстандагы аз чыгашалуу тоо-кен өнөр жайын өнүктүрүүгө багытталган жез казып алуучу компания болуп эсептелет. Бозымчак кени Жалал-Абад облусуна караштуу Ала-Бука районунда жайгашкан, райондун борбору Ала-Бука айылынан 66 км, облустун борбору – Жалал-Абад шаарынан 400 км жерде жайгашкан. Кен чыккан жерге жакын жайгашкан айылдарга чейинки аралык 15 км – Көк-Таш айылына чейин болсо, 27 км – Көк-серек айылы болуп эсептелет. Ошондой эле бул ишкана деңиз деңгээлинен бийиктиги орточо эсеп менен 2220,0 метрге чейинки аралыкта жайгашкан. Мында иштегендердин саны болжол менен 400 адамга жакын жана бүгүнкү күндө бул ишкананы «KAZ Minerals» компаниясы иштетет.[6].

Иштамберди кени Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районунда, райондун борбору Ала-Бука айылынан 58 км, облустун борбору – Жалал-Абад шаарынан 275 км аралыкта жайгашкан. Кенге баруучу негизги жол Ала-Бука-Жаңы-базар-Кировка авто жолу аркылуу 3

км аралыгында өтөт. Деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 2269,0 метр. Иштегендердин саны 400 адамга жакынды түзөт. Бул ишкананы бүгүнкү күндө жеке кытай компаниясы - **«Full Gold Mining»** фирмасы иштетет.

Келерки жылдын планында **Жергүй** алтын кенин өздөштүрүүнүн активдүү фазасы башталат. Терек-кан алтын кенинде да иштер башталат. Ал эми Чаткалдын Кур-Тегерек алтын кенинде дагы бир кытайлык компания ишин баштоону максат кылууда.

Келаткан жылдагы дагы бир чоң долбоор **Кара-Кече** көмүр кенинде комплекстүү өздөштүрүү боюнча иш башталганы турат.Бул абдан кубаттуу чоң долбоордун бири болот. Анда жалаң эле кен казуу иши эмес, минералдык ресурстардын негизинде электр кубатын иштеп чыгуу, транспорттук логистикасы да бар. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда ТЭЦти кыргыз көмүр менен камсыз кылууга жетишүү мезгили да келип жетти. Биздин мамлекетте мына ушундай керектүүлөрдүн бардыгы болгондон кийин өзүбүздүн сырье менен иштегенге өтүү керек.

Солтон-Сары алтын кени Нарын областынын Нарын районундагы Солтон-Сары жайлоосунун түштүк жагында жайгашып, Капка-Таш тоосунун түндүк капталында, деңиз деңгээлинен 3300–3650 *м* бийиктикте турат. Бул кен чыгаруучу ишкана 1940-ж. табылып, 1950–68-ж. издөө-баалоо иштери жүргүзүлгөн. 1995–1996-жылдан тартып кенди казып алуу иштери жүргүзүлгөн.

1997-жылы Алтынтөр участогундагы кен иштери токтотулган жана алтындын баасынын туруктуу төмөндөшүнөн жана металлдын аз алынышынан улам “Алтынтөр” карьери консервацияланган. Ал эми карьер жабылганы менен “Солтон-Сары” руднигинин кен байытуу фабрикасы гравитациялык таштанды сакталуучу жайларды тазалоо боюнча ишин уланткан. 2001-жылга карата гравитациялык чекте алтынды алуу максималдуу деңгээлге чейин жеткен.«Алтынтөр» карьери 1997-2003-жылдарда консервацияда болгон. Алтындын баасынын өсүшү жана алтынды алуу боюнча көрсөткүчтөрдүн жакшырышы Алтын-Төр участогунда казып алуу иштерин кайра баштоого көмөк көрсөткөн.

1997-ж. кен консервацияланып, казып алуу иши токтотулган. Кен аймагы карбон-пермдин сиенит–порфир, ортофир дайкалары менен жирелген кембрийдин акиташ, сланец жана ордовиктин чөкмө жанартоо катмарларынан түзүлгөн. Руда кеңдикке жакын жана түндүк-батыш багыттагы тектоникалык жаракалардын кесилишинде топтолуп, ордовиктин туфоген катмарларындагы сиенит-порфир дайкасында жайгашкан. Рудалануу тарам жана майда штокверк тибине, алтын-сульфид-кварц формациясына кирет. Негизги руда минералдары: пирит, түссүз руда, халькопирит, сфалерит, галенит, нукура алтын, электрум, арсенопирит. Рудадагы алтындын орточо өлчөмү 6,0 *г/т.* Руданын запасы 1049 миң *т*, алтындыкы – 6,291 m түзөт.

Мына ушул Кыргызстандагы кен-байлыктар өндүрүлгөн жерлерде иштеш үчүн эң биринчи кезекте кадр маселеси жакшы жолго коюлуш керек. Ал кадр маселесин чечүү үчүн аларды даярдай турган жогорку окуу жайлары керек. Мына ушундай окуу жай Кыргызстанда жападан жалгыз академик У. Асаналиев атындагы Тоо-кен иштери жана тоо-кен технологиялары институту болуп эсептелет.Бул окуу жайы адегенде 1952-жылы Кыргыз Мамлекеттик университеттин базасында болуп, инженер-геологдорду даярдоо иши жүргүзүлгөн. 1953-жылы ушул эле окуу жайдын базасында тоо-кен инженерлерин даярдап чыгаруу башталган. 1954-жылы Фрунзе политехникалык институту ачылып, жогорудагы аты аталган адистиктерди даярдоо иши ушул окуу жайга өткөрүлүп берилген. 1956-жылы эң биринчилерден болуп Тоо-кен геологиялык факультетинин 42 студенти тоо-кен инженери, геологдору адистигине ээ болушкан.Ал эми 1958-жылы 23 алгачкы бүтүрүүчүлөр тоо-кен инженериадистигин алып чыгышкан.

1956-жылдан 2007-жылга чейинки аралыкта 6000 ден ашык тоо-кен инженери, геологдор, металлургдар, инженер-электромеханиктер, экологдор, гидрогеологдор, геофизиктер, экономистер, информатиктер даярдалып чыгарылган.

1993-жылы 2-апрелде Политехникалык инстиуттун базасынан Кыргыз тоо-кен металлургиялык институту болуп өзүнчө бөлүнүп чыккан. Алгачкы ректору болуп академик У. Асаналиев дайындалган. (1993-1996-жж.). 1996-жылдан 2005-жылга чейин бул окуу жайына Кыргызстандагы көрүнүктүү инженер-геолог, геология илимдеринин доктору, профессор Осмонбетов Кубат Осмонбетович ректор болуп иштеген.

2005-жылдан бери бул окуу жайы кайрадан И.Раззаков атындагы КМТУнун алдындагы академик У.Асаналиев атындагы Тоо-кен иши жана тоо-кен технологиялары институту болуп иштеп келе жатат. Азыркы учурда бул окуу жайы көптөгөн чет өлкөлүк окуу жайлар менен алака түзүп эриш аркак иштеп келе жатышат. Жыл сайын окуу жайдын алдыңкы студенттери Москвадагы, Магнитагорск, Урал ж.б. жактагы тоо-кен окуу жайларына которулуп окууларын улантып, ийгиликтүү аяктап келишип, Кыргызстандагы кен иштеткен ишканаларда ийгиликтүү иштеп жатышат.

Бүгүнкү күндө бул окуу жайы 15ке жакын багыт боюнча, ал эми 27 ге жакын адистик боюнча тоо-кен инженерлерин даярдап чыгарышат. Бул окуу жайды аяктагандардын алды чет-өлкөлүк кадрлардан кем калышпай тоо-кен ишканаларында жогорку даражадагы кызматтарды аркалап келет. Кыргызстанда гана эмес Орто Азия боюнча тоо-кен инженерлерин, геологдорун даярдап чыгарган жападан жалгыз окуу жайы десек эч жаңылышпайбыз. Азыркы учурда бул окуу жайды аяктагандардын 80 пайыздан ашыгыраагы Кыргызстандын аймагында ачылган кен иштетүүчү тоо-кен тармактарында иштеп жатышат. Окуу жайды аяктаган студенттердин алды чет-өлкөлүк ишкерлер менен бирге жогорку кызматтарда иштешет. Алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн да көп сандаган студенттер аталган институттан окуп-билим алышып өз мекендеринде үзүрлүү иштеп жатышат. Башкача айтканда Тоо-кен иши жана тоо-кен технологиялары институту бүгүнкү күндө Кыргызстан үчүн эң керектүү кадрларды даярдаган келечеги кең окуу жайдын бири болуп саналат.

Колдонулган адабияттар:

1. С. М. Абрамзон Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Бишкек 1999.
2. Гүлнур Жумалиева URL: http://www.kabarordo.kg/264266
3. Источник: Kyrgyztodav
4. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 4-том. К 97.Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2014.
5. Ө. Ж. Осмонов., А. А. Асанканов Кыргызстан тарыхы (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. Биринчи басылыш Бишкек- 2001.
6. (http://www.centerragold.com),
7. http://www.kabarordo.kg.